**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# Сабактын темасы: "*Сан-өлчөм тактооч*".

**Класс: 7-Б**

**Мугалим: Калдинова Н.С.**

**Шамалды - Сай шаарчасы**

**29.11.2022-жыл**

1. **Сабактын темасы:** **Сан-өлчөм тактооч.**

2. **Сабактын максаты:** **а)** Окуучулар тактооч боюнча алган билимдерин тереңдетүү менен сан-өлчөм тактооч боюнча түшүнүк алышат.Адам турмушунда сан-өлчөм иштери женил шарт экендигин түшүнүшөт.Сын-сыпат ,мезгил,орун,сан-өлчөм тактоочторду айырмалап билип, сүйлөмдөрдү түзө алышат.
**б)** Логикалык ой жүгүртө алышат ,орфографиялык сабаттуулугун жогорулатат.
**в)** Эне тилин үйүүгө тарбия алышат.

**Көрсөткүчтөр:** **а)** Тема боюнча жеткиликтүү түшүнүп,сүйлөм түзө алышса;
**б)** Логикалык ой жүгүртүп, орфографиялык каталарга жол беришпесе;
**в)** Эне тилине урматтоо менен мамиле жасашса;

3. **Сабактын тиби:** жаны билимди өздөштүрүү.

4. **Сабактын формасы:** сабак-семинар.

5. **Сабак аралык байланыш:** кыргыз адабияты, музыка.

6. **Сабактын жабдылышы:** 1)В.Мусаева «Кыргыз тили» 5-11-кл.(кыргыз тили, таблица чийме, схема) Б:2009
2) С.Усоналиев «Кыргыз тилинин справочниги» 5-11-кл. Б:2010
3) Окуу китеби ,кластер,ун алгы,сүрөттөр ж.б.

**7. Сабактын жүрүшү:** 1.Уюштуруу
2.Сабактын максатын айт.

**а)** Маанайынар кандай?
**б)** Сабакты жагымдуу ыр менен баштасак.
**в)** «Ысык-Көлдү сагынуу» Созу: Ч.Айтматов.
Обону: М.Бегалиев.
Аткар: Г.Сатылганова.

г) Доскага Ч.Айтматовдун портрети,бугун 12-декабрь 88 жашка толмок.

1) Ч.Айтматовдун чыгармасынан эс алуу көнүгүүсүн аткарат
Гулсаратты минебиз.
Ак кемеге түшөбүз
Ак жаан жап турса да
Асма көпүрөдөн өтөбүз
Саманчынын жолун көрөт
Кызыл алманы бирден санайбыз
Бетме-бет турабыз
1 мугалимди карайбыз

**2.** А.Осмоновдун портретин илемин.
1915-1950-ж. 12-декабрь.
А.Осмоновдун ырларынан көркөм окушат.

**3**.Уй тапшырмасын суроо,көнүгүлөрдү текшерүү.
Топ менен иштөө.
**1)**1-топ мезгил тактооч,
**2)**2-топ орун тактооч,
**3)**3-топ сын-сыпат тактооч.

Үн алгыдан ыр уктуртуп эстеп калган тактоочторду жазып калышат.
Мисалы: Жайды-жайлай ырдады.
Ийнеликтин жаны тынбады.
Ары-бери караса
Тез кыштын келип калганы.
**1-топ.** Жайды-жайлай. Мезгил тактооч д\и эмне?
**2-топ.** Ары-бери. Орун тактооч д\и эмне?
**3-топ.** Тез.Сын-сыпат тактооч д\и эмне?
(Эрежелерди айтып беришет)

**4.Жаны теманы түшүндүрүү.**
А.Осмонов 30 жаш.
Ырыс омур,кандай кыска,кандай аз,
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас.
(Сан-өлчөм тактоочту тапкыла. Аз,көп)
Күндү жаны теманы жазамын,максатын айтамын.
Жаны теманын Алтын эрежеси менен тааныштырамын.

**с**-сабакка
**а**-активдүү катышуу
**н**-насаат сөздөрдү угуу

**о**-өзүнөрдү текшерүү
**л**-лакылдап сүйлөбөө
**ч**-чуу салбай
**о**-өзүндү башкар
**м**-мугалимдин

**т**-тапшырмасын
**а**-аткар
**к**-көнүгүүлөрдү
**т**-тандап
**оо**-оозунарды ашай,ачып
**ч**-чарчабагыла,чочубагыла

**Жаны темага сүйлөмдөр.**
Бугун Бекжан аз-маз сабакка кечигип келди. Биз эгинден мол түшүм алдык.
Ким көптү окуса, ал көптү билет.

1-корутунду

Сан-өлчөм тактоочторго: көп,аз,ашык,кем,мол,анч-мынча,аз-маз,көп-көптөн,ошончолук ж.б.

2-корутунду

Кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн, көлөмүн,санын көрсөтүп канча? Нече? Канчалап? Нечелеп? деген суроого жооп берген тактоочтор сан өлчөм тактооч деп аталат.

84-85-көнүгүүлөр оозеки иштелет.

86-көнүгүү.

Анча-мынча,көптөн-көп,аз,саал-паал,көп,мынча,канча,ушунчалык.

87-көнүгүү.

Көп,көптү,аз,ошончо,мол,ашык,көптөн-көп,ошончолук,саал.

Ким шамдагай? Оюну.

Көп чекиттин ордуна тиешелүү сан-өлчөм тактоочту кой.(Ар бир топтон бирден окуучу чыгат).

1. ..... сөз ич көптүрөт, аз сөз мазмундуу.

2. ..... дарак токой болбойт.

3. ..... таруу ботко болбойт.

4. ..... тынша, ..... сүйлө.

**1-топко макалдар**. Тактоочторду сан-өлчөмдөрдү таап, морфологиялык жана синтаксистик талдоо. Иш иштесен, көп тиште.
**1-топко табышмактар**. Кечинде ушунчалык үнү бакылдайт,күндүзү үнү чыкпайт.
**3-топко кыргыздын ырым-жырымдары.** Карангыда жалгыз жүрбө.

**Сабакты бышыктоо:** Зоопарк оюну (Сан-өлчөм тактооч) Кластер түзүү.

Түлкүнүн сүрөтү

Аюу

Коён

Ушунчалык

Анча-мынча

көп

Аз

Сан-өлчөм тактоочторду катыштырып сүйлөм түзүү.

**Үй тапшырма:** §23 88-көнүгүү (жазуу). 89-көнүгүү (оозеки).

**Баалоо:** Билим денгээлине карата.

Текширилди
Окб: